Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

HFA Swiss Project

# «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫ» КООМДУК БИРИКМЕСИ

*УЛУТТУН САЛАМАТТЫГЫ ҮЧҮН АРАКЕТТЕРДИ БИРИКТИРЕБИЗ*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫ (ССУЖА) 2020-ЖЫЛЫ ТҮЗҮЛГӨН ЖАНА ИШТЕП ЖАТАТ**


## Уюм жөнүндө

- КР ССУЖАнын максаты, Кыргыз Республикасынын калкына медициналык жардамдын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн ССУ жетекчилеринин өз ара аракеттешүүсүн бекемдөө жолу менен саламаттык сактоо уюмдарын башкаруунун туруктуу жана натыйжалуу тутумун өнүктүрүүгө көмөктөшүү болуп эсептелет.
- КР ССУЖАнын Башкармалыгы өлкөнүн бардык облустарынан, Бишкек жана Ош шаарларынан биригип **12** адамдан турат.
- 2024-жылдын 31-майына карата КР ССУЖА **177** мүчөдөн турат.

**Негизги улуттук өнөктөштөр**

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (КР ССМ);
- Саламаттык сактоону өнүктүрүү жана медициналык технологиялар борбору (ССӨжМТБ);
- Билим берүү уюмдары: КММКДжКЖИ, КРПМБА, КЭУ;
- Швейцария Өкмөтүнүн "Саламаттык сактоону башкаруу тутумун бекемдөө" АОЗ- Фаза II долбоору.

## КР ССУЖАнын уюштуруучулук структурасы




## КР ССУЖАнын 2020-2023-жж уюштуруучулук өнүгүүсү

- КР ССУЖАнын Башкармасынын негизги аракеттери өз мүчөлөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын арасында жакшы аброй алып келе турган уюмду өнүктүрүүгө багытталган.
- КР ССУЖА акырындык менен сектордогу саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө КР ССМ үчүн стратегиялык өнөктөш катары талап кылынган уюмга айланууда.
- КР ССУЖАнын 2021-2023-жылдарга Уюштуруучулукту өнүктүрүү планы иштелип чыкты жана ишке ашырылды.
- КР ССУЖАнын ишинин алкагында чечимдерди кабыл алуунун жана аткаруунун принциптерин жана жол-жоболорун жөнгө салуучу операциялык колдонмо иштелип чыкты.

КР ССУЖАнын офисинде Ассоциациянын мүчөлөрүнүн иштөөсү үчүн бардык шарттар түзүлгөн: эмеректер жана компьютерлер, принтерлер, конференц-байланыш, ж.б.



КР ССУЖАнын web-сайты www.ahm.kg түзүлдү жана иштеп жатат.

## Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин Биринчи улуттук форуму



- 2022-жылдын 28-январында Бишкек болуп өткөн.
- **130**дан ашуун мүчөлөр катышкан.

*Жыйынтыгы боюнча ССУ жетекчилери башкаруучулук компетенцияларды бекемдөө максатында жаңыдан түзүлгөн ССУЖАнын алкагында биригүүгө макулдук берген резолюция кабыл алынган.*

EURO HEALTH GROUP

HSI
Ideas, Development, Results

## КР ССУЖАНЫН БАШКАРМАЛЫГЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН ИШКЕ АШКАН ДЕМИЛГЕЛЕРИ



- Башкаруу кызматкерлеринин адеп-ахлактык, этикалык, маданий жана кесипкөйлүгүнө карата коомдун татыктуу жүрүм-турумун жана талаптарын түшүнүүнү чагылдырган принциптердин, ченемдердин жана эрежелердин жыйындысы болгон КР ССУ жетекчилеринин Этикалык кодекси иштелип чыкты жана бекитилди (ноябрь, 2021-ж.).
- Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн прейскуранты кайра каралды жана бекитилди (КР ССМдин 2022-жылдын 23-декабрындагы №1493-буйругу). Прейскурантта изилдөөлөрдүн, талдоолордун жана манипуляциялардын **740** түрү берилген.
- Төмөнкү маселелерди жөнгө салуу боюнча ЧУАларды биргеликте талкуулоо жана иштеп чыгуу үчүн КМА менен өнөктөштүк мамилелер бекемделди: медициналык жана фармацевтикалык ишмердүүлүк жүргүзүү үчүн адамдарды аттестациялоо, каттоо жана уруксат берүү (КР ССМдин 2021-жылдын 8-июнундагы №775-буйругу); "кредит-сааттар" топтоо системасын кошуп, медициналык жана фармацевтикалык кызматкерлерге кошумча кесиптик билим берүү (КР ССМдин 2023-жылдын 11-январындагы №6-буйругу).
- 2021-жылдан бери ССУ жетекчилерине жана ССУЖА мүчөлөрүнө төмөнкү маселелер боюнча **94** юридикалык кеңеш берилди: эмгек мамилелери, медициналык кызматкерлердин укуктарын коргоо, ССУ мүлкүн башкаруу.
- Башкармалык уюмдарды башкаруудагы мыкты тажрыйба алмашууга көмөк көрсөтөт. Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын базасында 2022-жылдын 28-июнунда КРнын бардык аймактарынан **58** жетекчи үчүн "Төрөт стационарын башкаруудагы санариптик чечимдер" конференциясы уюштурулду.

## САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЖАҢЫ СИСТЕМАСЫН КИРГИЗҮҮГӨ КАТЫШУУ

### Саламаттык сактоо тутумунун натыйжалуу иштөөсү үчүн ЧУА иштеп чыгуу

КР ССУЖА Саламаттык сактоо министрлигинин сапаттуу жана коопсуз медициналык кызматтарды көрсөтүү жана башкаруу маселелеринин кеңири спектрин жаңылоо боюнча жумушчу топторуна катышууда:

- *КРсынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнөндө КР Мыйзамы;*
- *2023-2026-жж. КРда медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана коопсуздугун жакшыртуу боюнча Стратегиясы жана 2023-2026-жж. аны ишке ашыруунун ыкчам планы;*
- *КР Өкмөтүнүн 2019-2030-жж. калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттык сактоо тутумун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу Планы;*
- *ССУынын компетенттүү жетекчилерин тандоо жана дайындоо боюча ЧУА;*
- *АМСЖды күчөтүү боюнча методикалык документтер.*

### ССУ жетекчилеринин билимдерин жана көндүмдөрүн тынымсыз өркүндөтүү системасын бекемдөө

**2021:** республиканын бардык аймактарында башкаруу кызматкерлеринен **164** адиске COVID-19 дартынын жайылуу тобокелдигин төмөндөтүү жана аны дарылоо боюнча 6 семинар өткөрүлдү

**2021-2022:** КР ССМдин тапшырмасы боюнча КР ССУЖА **103** жетекчини аттестациялап, аларга "Саламаттык сактоону башкаруу" боюнча квалификациялык категория берди.



**2022-2023:** КР ССУЖА ЖОЖдордун базасында фонд кармоочу, МжБнун жана Апелляциялык комиссиянын катышуучусу сапатында"Саламаттык сактоону башкаруу" квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоо Программасынын бизнес-моделин пилоттоого жигердүү катышты.

2021-жылдын ноябрынан бери ССУЖАнын колдоосу менен **141** катышуучу натыйжалуу башкаруу маселелери боюнча 5 семинарда потенциалын жогорулатышты.

## 2024-2028-ЖЫЛДАРГА КР ССЖУАнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТТАРЫ АНЫКТАЛДЫ

2023-жылдын 7-декабрында КР ССЖУАнын Башкармалыгы тарабынан 2024-2028-жж. уюмдук өнүктүрүүнүн беш жылдык планы бекитилген. Буга үч негизги багыт кирет:

1. *Институционалдык жана каржылык туруктуулукту жогорулатуу.*
2. *ССУдарынын башкарылуусун күчөтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө көмөктешүү: ЧУАны жана жөнгө салуучу механизмдерди иштеп чыгуу жана системалаштыруу аркылуу мыйзамдык базаны өркүндөтүү.*
3. *ССУдарынын жетекчилеринин саламаттык сактоону башкаруу маселелери боюнча потенциалын жогорулатуу.*

Ишмердүүлүктүн 5 негизги багыттары боюнча ССУЖАнын функционалдуулугун камсыз кылуу милдети коюлду:




### КР ССУЖАнын БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ

Асизбаева Чинара Бекенбековна
Аткаруучу директор
Тел. 0550-645-215
E-mail: chasizbaeva@ahm.kg

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
Тоголок Молдо к.1, офис 307
www.ahm.kg

www.ahm.kg
@AROZKG